**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ** | **ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

2018-жылдын 30-августу, № 411

**Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 31-июлундагы № 303 "Кыргыз Республикасында медициналык дипломдон кийинки билим берүү жөнүндө" токтомуна өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу**

Саламаттык сактоо жаатындагы адистерди даярдоонун натыйжалуулугун жогорулатуу жана сапатын жакшыртуу максатында, "Кыргыз Республикасында жарандардын саламаттыгын сактоо жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына, "Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 8-беренесине, "Кыргыз Республикасынын Өкмөтү жөнүндө" Кыргыз Республикасынын конституциялык Мыйзамынын 10 жана 17-беренелерине ылайык Кыргыз Республикасынын Өкмөтү токтом кылат:

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2007-жылдын 31-июлундагы № 303 "Кыргыз Республикасында медициналык дипломдон кийинки билим берүү жөнүндө" токтомуна төмөнкүдөй өзгөртүүлөр киргизилсин:

жогоруда аталган токтом менен бекитилген Ординатура жөнүндө жободо:

- 3-пунктту "каралган медициналык" деген сөздөн кийин "жана фармацевттик" деген сөздөр менен толукталсын;

- 4-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"4. Ординатуранын милдети билим берүү уюмдарынын бүтүрүүчүлөрүнүн жана практикадан өтүп жаткан адистердин теориялык билимин жана практикалык көндүмдөрүн өркүндөтүү болуп саналат.";

- 5-пунктунда:

төртүнчү абзацындагы "сактоо" деген сөз "сактоонун билим берүү жана илим-изилдөө" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

төмөнкүдөй мазмундагы төртүнчү жана бешинчи абзацтар менен толукталсын:

"- практикалык база – ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан практикалык база катары аныкталган, фармацевттик кадрларды

**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ӨКМӨТҮ** | **ПРАВИТЕЛЬСТВО КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

# ТОКТОМ ПОСТАНОВЛЕНИЕ

от 30 августа 2018 года № 411

**О внесении изменений в постановление Правительства Кыргызской Республики «О медицинском последипломном образовании в Кыргызской Республике» от 31 июля 2007 года № 303**

В целях повышения эффективности и улучшения качества подготовки специалистов в области здравоохранения, в соответствии с Законом Кыргызской Республики «Об охране здоровья граждан в Кыргызской Республике», статьей 8 Закона Кыргызской Республики «О нормативных правовых актах Кыргызской Республики», статьями 10 и 17 конституционного Закона Кыргызской Республики «О Правительстве Кыргызской Республики» Правительство Кыргызской Республики постановляет:

1. Внести в постановление Правительства Кыргызской Республики «О медицинском последипломном образовании в Кыргызской Республике» от 31 июля 2007 года № 303 следующие изменения:

в Положении об ординатуре, утвержденном вышеуказанным постановлением:

- пункт 3 после слов «перечню медицинских» дополнить словами «и фармацевтических»;

- пункт 4 изложить в следующей редакции:

«4. Задачей ординатуры является совершенствование теоретических знаний и практических навыков выпускников образовательных организаций и практикующих специалистов.»;

- в пункте 5:

в абзаце четвертом слово «работник» заменить словами «специалист образовательной или научно-исследовательской»;

дополнить абзацами четвертым и пятым следующего содержания:

«- практическая база – организация здравоохранения, определенная уполномоченным государственным органом в качестве практической базы, обеспечивающая подготовку, переподготовку и повышение квалификации фармацевтических кадров;'

- клинический наставник – квалифицированный медицинский или

даярдоону, кайра даярдоону жана квалификациясын жогорулатууну камсыздоочу саламаттык сактоо уюму;

- клиникалык насаатчы – ординатордун даярдыгына жооптуу болгон клиникалык/практикалык базанын квалификациялуу медициналык же фармацевттик кызматкери;";

бешинчи жана алтынчы абзацтары күчүн жоготту деп таанылсын;

сегизинчи абзацтагы "бир багыттагы адистешкен врач (бир багыттагы адис)" деген сөздөр "бир багыттагы адистиктеги врач" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 7-пунктундагы "4" деген цифра "6" деген цифра менен алмаштырылсын;

- 9-пункту "врачтар" деген сөздөн кийин "жана фармацевттер" деген сөздөр менен толукталсын;

- 15-пункту төмөнкүдөй редакцияда баяндалсын:

"15. Адисти даярдоо талаптарына ылайык ыйгарым укуктуу мамлекеттик орган тарабынан белгиленген ординатурада даярдоо мөөнөтү төмөнкүдөй:

- "Жалпы практиканын дарыгери/үй-бүлөлүк дарыгер" адистиги боюнча 2 жылдан кем эмес;

- "Педиатр дарыгери" адистиги боюнча 2 жылдан кем эмес;

- дарылоо ишинин бир багыттагы адистиктери, педиатрия боюнча - медициналык адистиктин профилине жараша 3 жылдан 4 жылга чейин. Мында биринчи окуу жылынын программасы жалпы дарыгердик практика боюнча даярдоо программасына шайкеш келет;

- стоматология, медициналык-профилактикалык иш адистиктери жана теориялык дисциплиналар боюнча – адистиктин профилине жараша 1 жылдан 2 жылга чейин;

- фармацевттик адистиктер боюнча – 1 жылдан 2 жылга чейин. Мында фармацевттик адистиктер боюнча дипломдон кийинки даярдоо милдеттүү болуп саналбайт.";

- 18-пункту "клиникалык жетекчинин" деген сөздөрдөн кийин тиешелүү жөндөмөдөгү "/насаатчынын" деген сөз менен толукталсын;

- 22-пунктундагы "жана фармацевттик" деген сөздөр алып салынсын;

- 26-пунктунун экинчи сүйлөмү алып салынсын;

- 29-пунктундагы "жетекчи" деген сөз "насаатчы" деген сөз менен алмаштырылсын;

- "30-пунктунда "жетекчи катарында" деген сөздөр "насаатчы катарында, ошондой эле билим берүү жана илим-изилдөө уюмдарынын" деген сөздөр менен алмаштырылсын;

- 32-пунктунда:

"деңгээлдеги" деген сөз "деңгээлдердеги" деген сөз менен алмаштырылсын;

фармацевтический работник клинической/практической базы, ответственный за подготовку ординатора;»;

абзацы пятый и шестой признать утратившими силу;

в абзаце восьмом слова «специализации (узкий специалист)» заменить словом «специальности»;

- в пункте 7 цифру «4» заменить цифрой «6»;

- в пункте 9 слова «и врачи» заменить словами «, а также врачи и фармацевты,»;

- пункт 15 изложить в следующей редакции:

«15. Сроки подготовки в ординатуре, устанавливаемые уполномоченным государственным органом согласно требованиям к подготовке специалиста, составляют:

- по специальности «Семейный врач/врач общей практики» – не менее 2-х лет;

- «по специальности «Врач педиатр» – не менее 2-х лет;

- по узким специальностям лечебного дела, педитарии – от 3 до 4 лет, в зависимости от профиля медицинской специальности. При этом программа первого года обучения соответствует программе подготовки по общеврачебной практике;

- по специальностям стоматология, медико-профилактическое дело и теоретическим дисциплинам – от 1 года до 2 лет, в зависимости от профиля специальности;

- по фармацевтическим специальностям – от 1 года до 2 лет. При этом последипломная подготовка по фармацевтическим специальностям не является обязательной.»;

- пункт 18 после слов «клинического руководителя» дополнить словом «/наставника» в соответствующих падежах;

- в пункте 22 слова «и фармацевтическом» исключить;

- второе предложение пункта 26 исключить;

- в пункте 29 слово «руководителей» заменить словом «наставников»;

- в пункте 30 слова «руководителей» заменить словами «наставников, а также за счет бюджета образовательных и научно-исследовательских организаций»;

- в пункте 32:

слово «уровня» заменить словом «уровней»;

после слов «к подготовке специалиста» дополнить словами «, а также обеспечивают выезды клинических руководителей в региональные клинические/практические базы для мониторинга подготовки ординаторов и обучения клинических наставников на местах»;

- в пункте 33 слово «руководство» заменить словом «наставничество».

2. Министерству здравоохранения Кыргызской Республики привести свои решения в соответствие с настоящим постановлением.

"жиберет" деген сөздөн кийин ", ошондой эле ординаторлорду даярдоого мониторинг жүргүзүү жана клиникалык насаатчыларды жеринде окутуу үчүн клиникалык жетекчилердин региондук клиникалык базаларга чыгуусун камсыздайт" деген сөздөр менен толукталсяын;

- 33-пунктундагы "жетекчиликти" деген сөз "насаатчылыкты" деген сөз менен алмаштырылсын.

2. Кыргыз Республикасынын Саламаттык сактоо министрлиги өзүнүн чечимдерин ушул токтомго ылайык келтирсин.

3. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппаратынын социалдык өнүктүрүү бөлүмүнө жүктөлсүн.

4. Ушул токтом расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты / Аппарат Правительства Кыргызской Республики. Регламент, иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмү №1. Отдел регламента, делопроизводства и контроля



3. Контроль за исполнением настоящего постановления возложить на отдел социального развития Аппарата Правительства Кыргызской Республики.

4. Настоящее постановление вступает в силу по истечении семи дней со дня официального опубликования.

**Премьер-министр** **М.Д.Абылгазиев**

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Аппараты / Аппарат Правительства Кыргызской Республики. Регламент, иш кагаздарын жүргүзүү жана контролдоо бөлүмү №1. Отдел регламента, делопроизводства и контроля